# Жаңы окуу жылына милдеттер.

**2015-2016-окуу жылына карата тандоо предметтеринин окутулушу б-ча милдеттер:**

1. Илимий негизде түзүлгөн атайы окуу программаларын түзүү тапшырмасы предметник мугалимдерге берилсин;
2. Предметтик мугалимдер тарабынан сунушталган окуу программалары усулдук бирикмеде каралып, Усулдук Кеңештин чечими менен мазмундуу программа кабыл алынсын; кабыл алынган окуу программасынын авторуна тандоо сааттары бөлүнүп берилсин;
3. Тандоо сааттарын өтүп жаткан мугалимдин иш-аракеттери изилденип, иликтенип, усулдук бирикменин отурумунда каралып, окуучулардын билим сапатынын деңгээли жыйынтыкталып турсун.

**2015-2016-окуу жылына карата атайын курстарды жана ийримдик иштерди окутуу б-ча милдеттер:**

1. Мугалимдердин илимий негизде түзүлгөн атайы окуу программаларын түзүү тапшырмасы предметник мугалимдерге берилсин;
2. Предметтик мугалимдер тарабынан сунушталган окуу программалары усулдук бирикмеде каралып, Усулдук Кеңештин чечими менен мазмундуу программа кабыл алынып, анын негизинде чыгармачылык изденүү милдети коюлсун.
3. Атайы курстарды жана ийримдик иштерди жетектеген мугалимдин иш-аракеттери изилденип, усулдук бирикменин отурумунда каралып, окуучулардын билим сапатынын деңгээли, чыгармачылык иштин натыйжалары жыйынтыкталып, кийинки окуу жылында эскертүү кабыл алынсын.

**Гуманитардык багыттагы усулдук бирикмелердин предметник мугалимдерине коюлуучу жаңы окуу жылына карата милдеттери:**

1. 2015-2016-окуу жылында ар бир мугалимге жаңы инновациялык технологияларды колдонуу менен предметтик окутуу дисктерин, дидактикалык көрсөтмөлүүлүктү, практикалык изденүү методдорун сабакта пайдалануу иштерине көңүл буруу;
2. Предметтер боюнча окуучулар үчүн тесттик иштердин жаңы ыкмаларынын жана формаларынын, көнүгүү жана жазуу иш дептерлеринин мугалимдер тарабынан иштелип чыгып, усулдук бирикменин талкуусуна коюлушу жана практикада колдонууга сунуштоо;
3. Атайын курстарды окутууга жана тандоо сабактарынын окутууга карата мугалимдердин чыгармачылык менен түзүлгөн окуу программаларын усулдук бирикмелердин талкуусуна коюу жана натыйжасына, актуалдуулугуна карай педкеңешке сунуштоо маселеси каралат.

**Табигый-математикалык багыттагы предметтердин усулдук бирикмелерине коюлуучу 2015-2016-окуу жылына карата милдеттери:**

1. Жаңы окуу жылында ар бир мугалимдин жаңы инновациялык технологияларды предметтик окутуу сабактарын камтыган дисктерди пайдалануу менен сабактардын түрдүү формаларын кеңири колдонуу;

2. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, эсептөө билгичтиктерин жаңы формадагы тесттер, тапшырмаларды берүү менен өстүрүү, алардын математикалык жана табигый кызыкчылыктарын көтөрүү;
3. Ар бир алган теориялык билимин практикалык иштерде, жашоо-турмушта колдоно билүү билгичтиктерин өркүндөтүү;

**2015-2016-окуу жылына карата окуудагы жогорку көрсөткүчтөргө жетишүү боюнча милдеттер:**

1. Негизги гуманитардык багыттагы предметтердин тереңдетилип окутулушун күчөтүү;
2. Таланттуу, жөндөмдүү балдарды изилдеп-иликтөө, тактоо- кызыгууларына жараша атайы предметтик курстарга, кошумча сабактарга катыштырууну уюштуруу;
3. Таланттуу, жөндөмдүү балдарды кызыгууларына жараша предметтик олимпиадаларга даярдоо иштерин уюштуруу;
4. Улуттук жана ЖРТга 9-11-кл. окуучуларын атайы предметтик курстарда кошумча окутуу менен жакшы натыйжаларга жетишүү.

**2015-2016-окуу жылына карата ички көзөмөлдү жүргүзүүдөгү иш-аракеттер б-ча милдеттер:**

Жаңы окуу жылында ички көзөмөлдү күчөтүү максатында:

- ар бир чейрек сайын негизги предметтер б-ча административдик текшерүү иштерин алууну уюштуруу жана салыштырмалуу жыйынтыктарды чыгаруу;
- мугалимдердин иш кагаздарын жүргүзүүлөрүн системалуу түрдө текшерип туруу (журнал, календардык-тематикалык пландар, күндөлүк пландарын, жазуу дептерлери, күндөлүктөр, таланттуу жана жетишпеген балдар менен иштөө, тарбия журналдары, ж.б.);
- окуучулардын жетишүү, катышуу иш-аракеттерин системалуу көзөмөлдөө;
- окуучулардын билим сапаты реалдуу бааланышын мугалимдерден талап кылуу;
- гуманитардык багыттагы предметтердин берилиш абалын өзгөчө көзөмөлгө алуу;
- мамлекеттик жыйынтыктоо аттестацияларына, көчүрүү экзамендерине даярдыкты көзөмөлдөөнү күчөтүү.

**2015-2016-окуу жылына карата социалдык педагогикалык иш-чараларды уюштуруунун милдеттери:**

1. Тарбия процессинде алдыңкы тажрыйба, интерактивдүү ыкмалар менен окуучулардын тарбиясын жакшыртуу;
2. Кл. жетекчилер менен иштөө, алдыңкы кл. жетекчинин иш тажрыйбасын жайылтуу, кл. жетекчилер үчүн усулдук жардам уюштуруу;
3. Мугалимдердин кесиптик интеллектуалдык деңгээлин жогорулатууу максатында иш-чараларды уюштуруу;

4. Ата-энелер, коомчулук менен бирдикте иштөө;
5. Кл. тышкаркы тарбиялык иштерди талапка ылайык уюштуруу;
6. Окуучулардын тарбиясын камсыздоо, анализдөө б-ча соцкарта түзүү.

**2015-2016-окуу жылына карата тарбиялык иштерди уюштуруунун милдеттери** :

1. «Билим булагы» камкорчулар кеңеши менен ишти алып баруу;
2. Тарбия процессинде алдыңкы тажрыйба, интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын тарбиясын жакшыртуу;
3. Тартиби оор балдар менен ар тараптан иштөөнү күчөтүү менен ИДНдин учетундагы балдардын санын жокко эсе кылууга жетишүү;
4. Маданий-эстетикалык багыттагы ийримдик иштерди берилишин көзөмөлдөп туру;
5. Ата-энелер, коомчулук менен бирдикте иштөө;
6. Класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштуруу.
7. Балдардын чыгармачылык-илимий уюмун жаңылап түзүү жана алар менен иш-чараларды жүргүзүү;
8. Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун ишин жакшыртуу жана ага тарбиясы начар балдарды тартуу.

**Мектептин инфраструктурасын жакшыртуу боюнча 2015-2016-окуу жылына карата милдеттери:**

1. Окуу-тарбия процессин жакшыртуу максатында билим алуу үчүн мугалимдер жана окуучулар үчүн шарттарды түзүү:

- окуу бөлмөлөрүнүн окуу эмеректери, куралдары ж.б. жабдылышы;
- окуу бөлмөлөрүнүн (8) каалгасын жаңыртуу;
- окуу бөлмөлөрүнүн (3) линолеумун жаңыртуу;
- кытай тили окуу бөлмөсүн ачуу жана керектүү окутуп-үйрөтүүчү материалдар менен жабдуу;
- этнопедагогикалык окуу бөлмөсүн керектүү окутуп-үйрөтүүчү материалдар менен жабдуу;
- А.Мамытов музейинин экспонаттарын көбөйтүү иштерин уюштуруу.
- «Мегабилим» компьютердик окуу бөлмөсүнө интернет байланышын киргизүү.
- Окуу бөлмөлөрүн техкаражаттар менен камсыздоо ресурстарын издөө.
- Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн долбоорлор, инвестицияларды тартуу (5 интерактивдүү доска, 10 компьютер, электрондук окуу китептери, ж.б.);
- Окуу китептери, илимий-усулдук колдонмолор, көркөм адабияттар менен камсыз кылууда ата-энелерди, спонсорлорду, каражат булактарын табуу «Билим булагы» камкорчулар кеңешине, ата-энелер комитетине тапшырылат.
- Айыл өкмөтү менен бирдикте мектептин участокторун жана мектеп ичин жашылдандыруу иш-аракеттерин жүргүзүү;
- Коомчулук, айыл өкмөтү менен бирдикте суу канализациялык системасын, ички дааратканаларды реконструкциялоо ишин жүргүзүү;
- Мугалимдердин жашоо шартын жакшыртуу максатында айыл өкмөтү менен бирдикте аларды жер тилкелери, пайызсыз кредиттери менен камсыз кылуу иш-аракеттерин жүргүзүү.
- Мектептин сырткы фасадын оңдоп-түздөө.
- Мектепке стандарттык спортзалын салдыруу, 2 спорт аянтчасын жабдуу.